«БЕКИТЕМИН»

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мамлекет жана укук институтунун директору, ю.и.к. Алтыбаева А.Т.

________________________

«__29__» ______04.______ 2024 ж.

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУНУН (МАМЛЕКЕТТИК-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ, МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК БАШКАРУУ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ, САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ЭКСПЕРТИЗА БӨЛҮМҮ) КЕҢЕЙТИЛГЕН ЖЫЙЫНЫНЫН

## № ___ ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

**Катышкандар:** Жыйындын төрайымы – Мамлекет жана укук институтунун, мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн башчысы, ю.и.к. Калиева Г.У. (12.00.01); КР УИА академиги, ю.и.д., профессор Арабаев Ч.И. (12.00.03); с.и.д., профессор Жоробеков Ж.Ж. (23.00.02); с.и.к., доцент Сыдыкбаев Ч.М.; с.и.д. Мамытов Т.Б.; ю.и.д., профессор Джоробекова А.М. (12.00.08), ю.и.д., профессор Базарбаев Э.Б. (12.00.14); ю.и.д., профессор Рысмендеев Б.Дж. (12.00.02); ю.и.д., доцент Аманалиев У.О. (12.00.14); ю.и.к., доцент Кубатов И.К. (12.00.01); ю.и.к. Алтыбаева А.Т. (12.00.02); ю.и.к. Калыбек кызы Замира (12.00.02); ф.и.к. Шаршебаева Т.А.; и.к. Жанышбек у. А.;

**Төрайым:** ю.и.к. Калиева Г.У.

**Окумуштуу катчы:** Жусупов Н.

**Изденүүчү:** Алимбеков Алмаз Акматалиевич

**Жалпы катышуучулар:** ____

# КҮН ТАРТИБИ

12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери»** темасындагы диссертациялык ишин талкуулоо жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын бекитүү.

**Илимий жетекчи:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, ю.и.д., профессор Шерипов Н.Т.

**Талкууга коюлган диссертациянын рецензенттери:**
ю.и.д., профессор Рысмендеев Б.Дж. (12.00.02);
ю.и.д., профессор Базарбаев Э.Б. (12.00.14);
ю.и.д., доцент Аманалиев У.О. (12.00.14);
ю.и.к., доцент Кубатов И.К. (12.00.01);
ю.и.к. Калыбек кызы Замира (12.00.02);

## УГУЛДУ:

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Урматтуу кесиптештер! Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн бүгүнкү отуруму Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы диссертациялык ишин талкуулоо жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасын бекитүү.

Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деген темадагы диссертациялык ишти талкуулоого жана коргоого сунуштарды берүүгө багытталган.

Изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевич тууралуу кыскача маалымат бере кетейин. Билими жогорку, 2008-жылы Россия Федерациясынын Федералдык коопсуздук кызматынын академиясын ийгиликтүү аяктаган.

Изденүүчү А.А. Алимбековдун илимий жетекчиси Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, юридика илимдеринин доктору (12.00.14), профессор Шерипов Н.Т. Учурда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин профессору болуп эмгектенет.

Талкууга коюлган диссертациянын рецензенттери катары төмөнкүлөр дайындалган.

1. Рысмендеев Бактыбек Дженишбекович – юридика илимдеринин доктору (12.00.02), профессор. Иштеген жери – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин юридикалык институтунун илимий иштер боюнча директордун орун басары.
2. Аманалиев Урмат Олжобекович, юридика илимдеринин доктору (12.00.14), доцент. Иштеген жери - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында проректордун деңгээлинде Администирлөөнүн жогорку мектеби.
3. Базарбаев Эрлан Базарбаевич – юридика илимдеринин доктору (12.00.14), профессор. Иштеген жери – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридикалык институту.
4. Кубатов Илимбек Кубанычбекович – юридика илимдеринин кандидаты (12.00.01). Иштеген жери – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Юридикалык институту.
5. Калыбек кызы Замира – юридика илимдеринин кандидаты (12.00.02).

Диссертациялык эмгек А.А. Алимбеков тарабынан жеке түрдө аткарылгандыгын, ошондой эле коргоого коюлган негизги жоболору өз алдынча иштелип чыккандыгын *изденүүчүнүн жеке салымы* катары кароого болот.

*Изилдөөнүн практикалык жана теориялык маанилүүлүгү* талашсыз. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактарды жана алардын негизинде иштелип чыккан сунуштарды Кыргыз Республикасынын

чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагын жакшыртуу боюнча мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде пайдаланууга болот.

Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча изилдөө иши 2022-жылдын 18-январындагы №12 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» жобонун талаптарына жооп берет.

Диссертациянын негизги натыйжалары өлкө ичиндеги жана чет мамлекеттерди рецензиялануучу басылмаларда жарыяланган 8 илимий макалаларда чагылдырган.

Таанышуу жана изилдөө үчүн диссертациянын тексти басып чыгарылып, сиздерге алдын ала таркатылып берилген.

Бүгүнкү жыйынды өткөрүүгө кворум бар, эгерде сиздерде сунуштар жок болбосо, анда изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичке сөз берүүгө уруксат бериңиздер.

**Изденүүчү А.А. Алимбеков:** Урматтуу төрайым!Урматтуу жыйындын катышуучулары! Менин, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02-конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишимди талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүп бергениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугуна токтолууга уруксат этиңиздер.

Мамлекеттик чек аранын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы Кыргыз Республикасынын тарыхы менен тыгыз байланышта. Азыркы шарттарда, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы жана өнүгүшү мамлекеттик чек ара, анын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздеринин маселелери Кыргыз Республикасы үчүн өтө маанилүү болуп калды. Мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин түзүү инсандын, коомдун жана мамлекеттин аскердик жана экономикалык коопсуздугун камсыз кылуудан көз каранды жана улуттардын биригүүсүн камсыз кылуу максатында стратегиялык, улуттук - экономикалык, социалдык-саясий жана руханий

өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу замандын талабы. Мындан мамлекеттин эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү, мамлекеттик органдардын жигердүү иштеши түздөн-түз мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен көз каранды экендигин белгилесек болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда ар кандай согуштардын, аскердик кагылышуулардын негизги себеби болуп мамлекеттер ортосундагы аймактык талаш-тартыштар жана чек ара чыр-чатактары эсептелет. Кыргызстан эл аралык коомчулукка кошулуу менен ага ийгиликтүү ыңгайлашты. Кыргыз Республикасы төрт мамлекет менен чектешет. Жети облустун ар бири чек аралык аймак болуп саналат, 40 административдик райондун 8 району гана коңшу мамлекеттер менен чектешпейт.

Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна коркунучтарды болтурбоо, бөгөт коюу жана нейтралдаштыруу боюнча күч-аракеттерди бириктирүү жана иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу, өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн жана бул жаатта эл аралык кызматташтыкты чыңдоо максатында 2021-жылдын 20-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы жөнүндө» Жарлыкка кол койду. Президент Садыр Жапаров Коопсуздук кеңешинин жыйында жаңы концепциянын кабыл алынышын негиздеп «… улуттук коопсуздукка чакырыктар жана коркунучтар туруктуу эмес, алар тездик менен өзгөрүп, өнүгүп жатат. Иштин бардык чөйрөлөрүндө инновациялык технологиялардын тез өнүгүшү, агрессиянын жана башка терс факторлордун жыл сайын, ай сайын жана күн сайын өсүшү улуттук коопсуздукка жаңы чакырыктарды жана коркунучтарды жаратууда…» деп белгиледи. Анткени, Кыргыз Республикасы аймактык туруксуздук менен мүнөздөлгөн өлкөлөр менен курчалган. Ооганстандагы тыйылбаган согуштук аракеттер жана коңшу өлкөлөрдөгү аймактык чыр-чатактар эл аралык терроризмдин, баңги аткезчилигинин жана мыйзамсыз курал соода жүгүртүүнүн туруктуу булактарына айланды. Мындай шарттарда мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселеси Кыргыз Республикасы үчүн өтө маанилүү болуп калды.

Кыргыз Республикасынын чектеш мамлекеттер менен мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылууда орун алган көйгөйлөргө талдоо жүргүзүүдө тиешелүү мамлекеттик органдардын биргелешкен күч-аракетин талап кылаарын көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын укуктук жөнгө салуунун учурдагы кемчиликтери болуп мамлекеттик деңгээлде мамлекеттик

чек ара саясатынын бардык чөйрөсүн камтыган жана чек ара коопсуздугун камсыздоого арналган программалардын жоктугу, мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу маселелеринде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ишин укуктук жөнгө салуунун динамикалуу өзгөрүп жаткандыгына байланыштуу кемчиликтердин жоюлбагандыгы, чек аранын айрым тилкелери боюнча коңшу мамлекеттер менен чек ара сызыгынын тактал багандыгы саналат.

Мындай маселелердин негизги себептери болуп чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченем жаратуучу ишиндеги кемчиликтери. Анткени ченем жаратуучу ишмердикте так максаттардын жана приоритеттүү багыттардын тутумдуу эместиги, чек ара кызматынын ишмердүүлүгүндөгү укуктук жөнгө салуунун муктаждыктарын аныктоонун эффективдүү методологиясынын жоктугу. Мыйзам чыгаруу ишинде илимий потенциалдын жоктугу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын мыйзам чыгаруу процессине катышпагандыгы.

Азыркы учурга чейин юридикалык илимде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоо тармагындагы укуктук маселелерине арналган теориялык изилдөөлөрдүн өтө аздыгы жана бытырандылыгы изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу болуп саналат. Ошондой эле, мамлекеттик чек араны коргоонун жана коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмин жакшыртуу максатында илимий изилдөөлөрдү күчөтүү менен татаал экономикалык жана аскердик-саясий кырдаалда мамлекеттик чек араны натыйжалуу коргоонун стратегиялык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл. Андан сырткары, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын мамлекеттик чек араны коргоодогу жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы ролун жогорулатуу керек.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасында коопсуздукту камсыз кылуунун ченемдик укуктук базасы заманбап улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун талаптарына шайкеш келбейт жана кырдаалдын өнүгүшүн эске алуу менен Кыргыз Республикасы менен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө-өлкөлөрү үчүн чек ара коопсуздук тутумун андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Учурда улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун теориялык жана усулдук негиздерин, биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуу теориясынын концептуалдык аппаратын,

өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыз кылуу саясатынын моделдерин жана принциптерин иштеп чыгуунун маанисин жогорулатуу керек.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун натыйжалуу тутумун калыптандыруу, анын түзүмүн жана функцияларын өркүндөтүү учурдагы практикалык жана саясий мааниге ээ. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасын коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы заманбап процесстердин өнүгүү логикасы Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын курамын, уюштуруу түзүмүн, функцияларын жана милдеттерин, чек ара аскерлерин, ыкчам иликтөө органдарды, чек араны көзөмөлдөө кызматтарын, чек араны кайтарууну, коопсуздукту камсыздоону артыкчылыктуу куруу менен аскердик компоненттерди аскердик жана аскердик эмес болуп айырмалоону аныктайт.

Өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун натыйжалуулугу көбүнесе анын иштөө механизминин үзгүлтүксүз иштешине жана андан ары өркүндөтүлүшүнө көз каранды. Кыргыз Республикасынын чек араны коргоо тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн талап кылынбаган олуттуу резервдер бар. Мамлекеттик чек араны коргоо жана коопсуздук чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин органдарынын аракеттерин координациялоо, ошондой эле координациялык ыйгарым укуктарды жана аракеттерди саясий жана укуктук камсыздоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын мүмкүнчүлүктөрү толук ишке ашырылган эмес.

**Теманын актуалдуулугун иштеп чыгуу даражасы.** Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелери юридикалык илимдин маанилүү бөлүгү болуп саналат жана илимий изилдөө ишинин объектиси катары абдан актуалдуу. Кыргызстанда мамлекеттик чек араны коргоо боюнча жобо биринчи жолу 1999-жылдын 19-мартындагы №27 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 4-беренесинде белгиленген.

Диссертацияда каралып, талдоого алынган көптөгөн көйгөйлүү теориялык жоболор мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоого арналган илимий эмгектерде эл аралык-укуктук, конституциялык-укуктук, тарыхый жана башка аспектилерде чагылдырылган.

Илимий адабияттарда «мамлекеттик чек ара» сыяктуу укуктук категориялардын маңызын жана мазмунун ачуунун теориялык аспектилерине көп көңүл бурулган. Атап айтканда, орус адабиятында «аймак» түшүнүгү Аленкин, В.В., Бабурин С.Н., Бахрах Д.Н., Богданов С.А., Доленко Д.В.,

Левакин И.В., Барциц И.Н., Бейдина Т.Э., Кутафина О.Е., Козлов А.Е., Лазарев Б.М., Лейбо Ю.И., Лысенко В.И., Щербаков Д.А., Хропанюк В.Н. жана башка окумуштуулардын илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Келтирилген авторлордун эмгектеринде мамлекеттик чек араны коргоонун жана коопсуздугун камсыз кылуунун заманбап концепциясына тиешелүү болгон, теориялык пайдубал тургузулган. Илимий эмгекте «коопсуздукту камсыздоо», «коргоо» жана «сактоо» сыяктуу түшүнүктөр чечмеленген. Мамлекетибизде чек ара коопсуздугун камсыз кылуу, жана коргоо боюнча тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн изилдөөгө олуттуу көңүл бөлүнгөн. Тийиштүү тажрыйбалык кеңештер иштелип чыккан.

Андан сырткары, мамлекеттик чек араны коргоонун конституциялык-укуктук маселелерине изилдөө жүргүзгөн орус окумуштуулары В.В. Сергеев, Д.А. Щербаков, Д.С. Субботкин, В.Н. Чебаев жана башкалардын эмгектерине талдоо жүргүзүлгөн.

Кыргызстанда мамлекеттик чек араны коргоо жана чек ара коопсуздугун камсыздоонун укуктук маселелерине арналган илимий иштер өтө аз. Бирок, мамлекеттик чек аранын жалпы маселелерине арналган илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн кыргыз окумуштуулары Арабаев Ч.И., Аманалиев У.О., Аламанов С.К., Базарбаев Э.Э., Бейшембиев Э.Д., Кубатов И.К., Нурбеков К., Тургунбеков А.Т., Молдоев Э.Э., Малабаев Д.М., Ожукеева Т.О., Токтогулов А.А., Усубалиев Т.У., Эсенбаев М.А., Шерипов Н.Т. жана башка бир катар авторлорду атасак болот.

**Изилдөөнүн ченемдик укуктук базасы** болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актылардан турат: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтомдору, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы ж.б.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаттары жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине байланышкан маселелерди комплекстүү изилдөө жана чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча илимий негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

**Алдыга коюлган максат төмөнкү теориялык, методологиялык жана практикалык милдеттерди аныктады:**

1) мамлекеттик чек ара концепциясынын укуктук табиятына жана маңызына аныктама берүү жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча айрым түшүнүктөрдүн аныктамаларын толуктоо;

2) Кыргыз Республикасында улуттук коопсуздукту, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча усулдарды талдоо;

3) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун жана бул тутумдагы укуктук камсыздоонун ордун белгилөө жана талдоо;

4) ченемдик-укуктук актыларда иштелип чыккан жана колдонуудагы чек ара коопсуздугун камсыздоонун концептуалдык түшүнүктөрүн талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5) Чек ара коопсуздугун камсыздоонун эл аралык укуктук базасын изилдөө жана аларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо;

6) азыркы шарттарда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин негизги багыттарын аныктоо;

7) мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик чек ара саясатынын негизги багыттарын ишке ашырууда өз ара аракеттенүүсүн изилдөө;

8) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоону жакшыртуу боюнча илимий негиздүү тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоону конституциялык-укуктук жөнгө салууга байланышкан коомдук мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн предмети болуп** Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар саналат.

**Изилдөөнүн усулдук негиздери.** Диссертациялык изилдөөдө автор Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөдө тутумдуу, салыштырмалуу, тарыхый, ченем чыгаруучу, формалдуу-логикалык ж.б. комплекстүү усулдарды колдонгон. Изилдөө ишинин усулдук базасын диалектикалык таанып-билүү усулу түзөт. Бул усулдарды комплекстүү колдонуу

диссертациянын предметин ойлонуштурууга жана ачыктоого мүмкүндүк берди.

Диссертант тарабынан чек ара коопсуздугун камсыздоонун, мамлекеттик чек араны коргоонун жана кайтаруунун тажрыйбасын жалпылоодо, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана принциптерин аныктоодо формалдуу укуктук усул колдонулган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** болуп диссертация мамлекеттик тилде жазылган жана чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелерине конституциялык-укуктук жактан талдоо жүргүзүлгөн тунгуч аракет. Изилдөө ишинде геостратегиялык тенденциялар жана геосаясий факторлорду талдоонун негизинде Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун чыңдоо зарылдыгы такталган. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө аныктама берилген, анын мазмуну жана түзүмү классификацияланган. Ошондой эле, чек ара коопсуздугун камсыздоонун негизги принциптери, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу тутумунда чек ара коопсуздугунун орду жана ролу аныкталган.

Мамлекеттик чек араны коргоо жана коопсуздукту камсыздоо тутумунда институционалдык өзөгү катары Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын ишин жакшыртуунун жаңы ыкмалары жана концепциясы иштелип чыкты. Азыркы шарттарда диссертант тарабынан чек араны коргоо жана коопсуздукту камсыздоонун механизмдерин жакшыртуу боюнча илимий сунуштарды негиздөө менен чек ара коопсуздугун камсыздоонун саясий-укуктук базасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары белгиленген.

Изилдөө ишинде Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды координациялоо жана мамлекеттик чек араны чыңдоо кызыкчылыгында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча негиздүү сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен аныкталат. Автор бир катар ченемдик укуктук актыларды, атап айтканда, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы» кабыл алууну сунуштаган.

Диссертациядагы негизги тыянактар жана жоболор «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын мыйзам чыгаруу ишинде, Чек ара кызматынын кадрларын даярдоодо жана практикалык окутууда, ошондой эле жогорку жана орто юридикалык билим берүү мекемелеринде конституциялык укук сабагын берүү процессинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда орун алган жоболор чек ара коопсуздугун камсыздоо механизминдеги чек ара кызматынын ролуна тиешелүү болгон андан аркы теориялык иштеп чыгуулар үчүн пайдалуу болушу ыктымал.

Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдерди даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана жаңы ченемдик-укуктук актыларды даярдоодо, өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана тактыгы.** Бул изилдөөнүн тыянактары ата-мекендик чек ара кызматынын тажрыйбасынын, чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча мамлекеттик комиссияларынын материалдарын, мыйзамдарды, статистикалык маалыматтардын, мамлекеттик чек араны коргоо жана коопсуздугун камсыздоо боюнча жарыяланган материалдарды обьективдүү талданышына негизделет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жана ишке киргизүү.** Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын теориялык апробациялоо автор тарабынан жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган. Автор тарабынан изилдөөдө белгиленген бир катар тажрыйбалык сунуштар Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ведомстволук ченемдик актыларын даярдоодо пайдаланылган.

Диссертациянын теориялык тыянактары «Конституциялык укук», «Административдик укук», «Мамлекет жана укук теориясы», «Укук коргоо органдары» окуу дисциплиналары боюнча дарстарды жана семинардык сабактарды даярдоодо жана өткөрүүдө колдонулат. Кыскача айтканда ушундай, көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат! Суроолор болсо жооп берүүгө даярбыз.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Изденүүчүнүн баяндамасын уктук. Диссертацияны окуп чыккандар өз пикириңиздерди билдирип, суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Урматтуу Чолпонкул Исаевич сөз сизде.

**Ю.и.д., профессор, КРнын УИАнын академиги Арабаев Ч.И.:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Изденүүчү Алмаз Акматалиевичтин диссертациясын карап чыктым. Тандап алган темасы бүгүнкү күндө юридикалык илим үчүн абдан актуалдуу болуп саналат. Диссертация абдан жакшы жазылган. Менде Алмаз Акматалиевичке 3 суроом бар. *Биринчи суроо.* Кайсы жогорку окуу жайын бүттүңүз эле? *Экинчи суроо.* Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумунун негизги юридикалык өзгөчөлүгү эмнеде? Чек ара коопсуздугунун камсыздоо тутумун так аныктоого жана түрлөргө бөлүп кароого кандай мүмкүндүктөр бар? *Үчүнчү суроо.* Изилдөө ишинде ата-мекендик юридикалык адабияттар жетишээрлик деңгээлде колдонулган эмес. Эмне үчүн ата-мекендик окумуштуулардын адабияттары аз колдонулган? Мына ушул 3 суроого так жана кыска жооп берсеңиз.

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Рахмат, Чолпонкул Исаевич! Биринчи суроо боюнча жооп берсем. Билимим жогорку, 2008-жылы Россия Федерациясынын Федералдык коопсуздук кызматынын академиясын юриспруденция адистиги боюнча ийгиликтүү аяктагам. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими менен юрист квалификациясы ыйгарылган. Экинчи суроо боюнча Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун негизги максаты - инсандын, коомдун жана мамлекеттин өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзө турган, анын объекттеринин улуттук кызыкчылыктарын коргоонун зарыл деңгээлин түзүү жана колдоо. Бул максатка бир катар көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечүү аркылуу жетишилет.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги милдеттерден тышкары, аларга карата көмөкчү мүнөздөгү иш-чаралардын түрлөрү бар. Алар негизинен эки түргө бөлүнөт: *негизги жана көмөкчү*. Биринчи кезекте чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча негизги милдеттерди белгилеп кетүү зарыл. Алардын ичинде негизги милдеттерге биринчиден, чек ара коопсуздугуна коркунучту аныктоо, экинчиден, бул коркунучка каршы туруу. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көмөкчү милдеттердин бул түрлөрүнө *биринчиден,* чек араны коргоо процессин башкаруу, *экинчиден,* чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн күчтөрдү жана каражаттарды тандоо, даярдоо жана жайгаштыруу, *үчүнчүдөн,* чек араны коргоо боюнча иш-чараларды материалдык-техникалык, финансылык жактан камсыз кылуу, *төртүнчүдөн,* чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо кирет.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көмөкчү милдеттердин ичинен чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо милдети эң чоң роль ойнойт. Ошондуктан, изилдөөнүн жүрүшүндө «чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди. Чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо – бул чек ара мейкиндигинде коомдук мамилелерди түзүү, өзгөртүү же жөнгө салуу аркылуу бирдиктүү тартипти камсыз кылууга багытталган формалдуу түрдө аныкталган жүрүм-турум эрежелерин түзүү, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу жана жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын максаттуу ишмердүүлүгүн түшүнөбүз. Чек ара коопсуздугун укуктук жактан камсыз кылуу көмөкчү милдет болсо да, анын артыкчылыктуу мааниге ээ экенин да белгилей кетүү керек. Себеби, тиешелүү мыйзамдык база, укуктук мамлекетте чек ара коопсуздугунун укуктук жөнгө салуу механизми болмоюнча, чек араны натыйжалуу коргоого жетишүү мүмкүн эмес. Мына ошондуктан, чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун жакшыртуу жана артыкчылыктуу өнүктүрүү мамлекетте улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги багыты катары белгиленет.

Чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун төмөнкүдөй бөлүп кароого мүмкүндүк берет: *концептуалдык, институттук, ченемдик-укуктук.*

Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун *концептуалдык тутуму* чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун уюштурууда жана өнүктүрүүдө улуттук кызыкчылыктарга карата жаралган коркунучтарды жок кылуу же минималдаштыруу, ошондой эле бул процессте субъективдүү аспектилердин күчөшүнө жол бербөө үчүн зарыл шарт болуп саналат. Концептуалдык тутум бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы ПЖ №570 жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы» менен бекитилген. Бул документте чек ара мейкиндигинде инсандын, коомдун жана мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча расмий кабыл алынган көз караштардын ролун аткарып, чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары боюнча мамлекеттик чек ара саясатынын негизин түзөт.

Ал эми, *институционалдык тутум* Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 1999-жылдын 19-марттында №27 кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2003-жылдын 26-февралында №44 кабыл алынган «Улуттук коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2022-жылдын 5-июлунда №57 кабыл алынган «Кыргыз

Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик-укуктук актылар менен аныкталат.

Ал эми *чек ара коопсуздугун ченемдик-укуктук камсыздоо* бул эл аралык-укуктук, мыйзамдык жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана аткаруу бийлиги органдарынын мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылары менен камсыздоо саналат.

Үчүнчү суроо боюнча диссертация укук таануу илиминде учурдун эң актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине талдоо жүргүзгөн тунгуч аракеттердин бири. Буга чейин, ата-мекендик укук таануу илиминде, конституциялык укукта чек ара коопсуздугунун өзгөчөлүктөрү, илимий-практикалык маанилүүлүгүнө карабастан, ушул кезге чейин, дээрлик илимий изилдөө иштеринин объектиси катары окумуштуу укук таануучулар тарабынан өтө аз изилденген.

Кыргызстанда мамлекеттик чек ара жана анын укуктук негиздери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун укуктук маселелерине арналган илимий иштер өтө аз изилденген. Бирок, мамлекеттик чек аранын жалпы маселелерине арналган илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн кыргыз окумуштуулары Аманалиев У.О., Арабаев Ч.И., Базарбаев Э.Э., Нурбеков К., Кубатов И.К., Тургунбеков А.Т., Молдоев Э.Э., Малабаев Д.М., Ожукеева Т.О., Токтогулов А.А., Эсенбаев М.А., Шерипов Н.Т. жана башка бир катар авторлорду атасак болот. Мисалы, чек ара коопсуздугунун маселелерине түздөн түз илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн кыргыз окумуштуулары Э.Э. Молдоевдин, М.А. Эсенбаевтин диссертациялык иштерин атасак болот.

**Ю.и.д., профессор, КРнын УИАнын академиги Арабаев Ч.И.:** Рахмат Алмаз Акматалиевич. Башка суроом жок. Диссертацияңызды ийгиликтүү коргоп алышыңызды гана каалайм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Чолпонкул Исаевич! Дагы кимде кандай суроолор бар? Сөз Токон Болотбековичте.

**С.и.д. Мамытов Т.Б.:** Рахмат! Мен диссертацияны окуп чыктым. Абдан жыкшы жазылган, актуалдуулугу талашсыз. Изденүүчүгө бир эле суроом бар. Алмаз Акматалиевич айтыңызчы чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагында Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары каралды беле?

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Токон Болотбекович суроонузга рахмат. Албетте, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу саясатын калыптандырууда жана ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мамлекет башчысы болуп саналган жана эл менен мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Президенти маанилүү ролду ойнойт. Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын 11-апрелинде кабыл алынып, ушул эле жылдын 5-майында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесине ылайык мамлекет башчысы, жогорку кызмат адамы жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигин жетектейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 8-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешин түзүп, аны жетектөө менен улуттук коопсуздукту камсыз кылуучу органдарга жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча аракеттерге уруксат берет. Кыргыз Республикасынын Президенти аткаруу бийлик органдарынын чек араны коргоо жана коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча ишин координациялоону уюштуруунун жалпы маселелерин чечет. Андан сырткары, 2015-жылдын 16-майында №98 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» мыйзамынын 29-беренесине ылайык Президент мамлекеттик чек ара маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана эл аралык келишимдерге кол коёт, мамлекеттик чек араны кайтаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисин кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот жана мыйзамдарда аныкталган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн конституциялык ыйгарым укуктарынын чегинде улуттук коопсуздукту камсыз кылуучу органдарды жана күчтөрдү башкарат, ар кандай чөйрөлөрдө, анын ичинде мамлекеттик чек араны коргоо тармагында коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-аракеттерге ыйгарым укук берет, органдарды жана коопсуздукту кайра түзөт жана жокко чыгарат. Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесине ылайык, 2021-жылдын 24-августунун ПЖ №348 «Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин айрым маселелери жөнүндө» жарлыгы менен Президент коопсуздук кеңешин түзүп, анын курамын бекиткен.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Токон Болотбекович! Дагы кимде кандай суроолор бар? Сөз Жолборс Жоробековиче.

**С.и.д, профессор Ж.Ж.Жоробеков:** Сиздин изилдөө темаңызга карата менде бир суроо жаралды. Чек ара коопсуздугун камсыздоону жакшыртуу боюнча кандай сунуштарыңыз бар? Ушул суроого жооп берип койсоңуз?

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Абдан маанилүү суроо бердиңиз, сизге ыраазычылык билдирем. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоону андан ары жакшыртуу үчүн бир катар практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын координатордук деңгээлинен мамлекеттик чек араны өз алдынча башкаруу жана чек ара коопсуздугун камсыздоо органына чейинки ролун күчөтүү керек. Чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыз кылуу үчүн кайрадан Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматын өз алдынча аткаруу бийлиги органы катары түзүп, ага баардык ыйгарым укуктарды берүү менен «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» жөнүндө мыйзамды кабыл алуу керек. Бул мыйзамдын кабыл алынышы чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы орчундуу көйгөйлөрдү чечүүгө жол ачат: биринчиден, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын канааттандырат; экинчиден, Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууну ирээттештирет; үчүнчүдөн, жөнгө салуунун укуктук деңгээлин көтөрөт.

Экинчиден, жалпы дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан тенденцияларга ылайык келтирүү үчүн Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн санариптик трансформациялоо, чек ара аймагында, чек ара тозотторунда видео көзөмөл боюнча ишти күчөтүү абзел.

Үчүнчүдөн, чек араларды делимитациялоонун жана демаркациялоонун узакка созулган процессине жана эл аралык-укуктук мамиледе такталбагандыгына, ошондой эле чек ара коопсуздугуна жаңы аскердик эмес коркунучтардын пайда болушуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын ишинин артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болууга тийиш: чек аранын жаңы аймактарын уюштуруу; тышкы коркунучтарды болтурбоо, зыянсыздандыруу жана локалдаштыруу боюнча биргелешкен аракеттерди координациялоонун алкагында чек ара өлкөлөрү менен эл аралык кызматташуунун формаларын кеңейтүү.

Төртүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун, анын негизги курамдык бөлүгүн - чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыз кылуу үчүн, биринчи кезекте, чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун макулдашылган жана өз ара байланышкан негизги маселелерин жөнгө

салуучу ченемдик укуктук актылар тутумун түзүү зарыл. Бул Кыргыз Республикасынын Чек ара коопсуздук концепциясы үчүн негиз боло турган «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алууну сунуштайбыз. Бул мыйзамга тиешелүү жоболор камтылышы керек:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамын аныктоо;
- чек ара мамилелеринин субъекттилерин аныктоо жана алардын мамлекеттик чек араны коргоо боюнча ыйгарым укуктары;
- мамлекеттик чек ара режиминин, чек ара режиминин, өткөрүү пункттарындагы режимдин жана башка түшүнүктөрдүн аныктамаларын тактоо;
- «чек ара саясаты», «чек ара коопсуздугу», «чек ара мейкиндиги» жана башка түшүнүктөрдү мыйзамдык деңгээлде бекитүү;
- Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын коңшу жана башка мамлекеттер менен чек ара кызматташтыгы жөнүндө жобону киргизүү.

Бешинчиден, чек ара коопсуздугунун эл аралык укуктук базасын өнүктүрүү төмөнкүдөй багыттар боюнча ишке ашырылышы керек:

- Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча эл аралык укуктук каттоо процесстерин натыйжалуу жүргүзүү жана аягына чыгаруу;
- Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин алкагында көп тараптуу чек ара кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү;
- эл аралык аймактык кызматташтыкты уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын активдүү катышуусун камсыз кылуу;
- КМШга мүчө-мамлекеттердин жана башка мамлекеттердин чек ара ведомстволору үчүн адистерди даярдоо жана аларды чек араны коргоону техникалык колдоо жаатында кызматташууну өнүктүрүү.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Жолборс Жоробекович! Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгер суроолор жок болсо, менде изденүүчүгө бир суроо бар эле. Диссертацияда чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагында мамлекеттик бийлик органдарын эки түргө бөлүп карап жатасыз. Биринчиси, жалпы камсыз кылуучу коопсуздук органдары, ал эми экинчиси түздөн-түз коопсуздукту камсыз кылуучу органдарга. Айтыңызчы, чек ара коопсуздугун түздөн-түз камсыз кылуучу органдарга кайсыл органдар кирет?

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:**. Рахмат суроонузга. Кыргызстанда чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тармагында негизги милдетти учурда

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы аткарат.

Азыркы мезгилде чек ара кызматы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу доорунда жүрүп жаткан пайда болуу жана өнүгүү процесстерин баштан кечирүүдө. Дүйнөдөгү саясий, экономикалык жана аскердик абал өзгөргөн сайын мамлекетибиздин чек ара коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принципиалдуу жаңы милдеттердин келип чыгышы Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын ишине жана түзүмүнө, мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ыйгарым укуктарына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү учурдун талабы. Ошондуктан, Кыргыз Республикасын өнүктүрүү үчүн дүйнөлүк саясий, экономикалык жана аскердик шарттарга жооп берген Кыргыз Республикасынын жаңы чек ара кызматын түзүүнүн объективдүү зарылчылыгы келип чыкты.

Мамлекеттик чек аранын коопсуздугун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 19-январындагы № 8 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы жөнүндө жобого» ылайык чек ара кызматы тарабынан ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы мамлекеттик чек араны коргоо жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча, чек ара көзөмөлүн жүзөгө ашыруу, мамлекеттик чек аранын режимин бузуулардын, эгемендүүлүккө жана аймактык бүтүндүгүнө кол салуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу үчүн түзүлгөн аткаруу бийлигинин тутумундагы бирдиктүү мамлекеттик орган болуп саналат.

**Ю.и.д., профессор, КРнын УИАнын академиги Арабаев Ч.И.:** Менде бир аз кошумчалар бар эле, уруксаат берсеңиздер ошолорду айтып коёюн. Биринчиден, диссертациялык иш мамлекеттик тилде жазылгандыгы үчүн эки колумду көтөрүп кубаттайм. Экинчиден, тема абдан туура тандалган, актуалдуулугунда маселе жок. Бүгүнкү күндө чек ара коопсуздугуна байланыштуу болгон комплекстүү юридикалык изилдөө иши керек. Бул жагынан алганда сизди колдойм.

Диссертацияңыз абдан маанилүү. Илимий жетекчиңиз дагы жакшы иштегендиги көрүнүп турат. Мен колдойм. Дагы бир жолу айтып коёюн. Талкуунун катышуучулары, рецензенттер дагы азыр өздөрүнүн жакшы ой-пикирлерин айтат болуш керек. Ийгиликтүү жактап алыңыз.

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Чолпонкул Исаевич, сизге ыраазычылык билдирем!

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Изденүүчүгө дагы суроолор барбы? Башка суроо жок. Анда кийинки сөздү илимий жетекчиси ю.и.д., профессор, КРнын УИАнын мүчө-корреспонденти Шерипов Нурлан Турганбековичке берели.

**Илимий жетекчи ю.и.д., профессор, КРнын УИАнын мүчө-корреспонденти Шерипов Н.Т.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары! Сиздердин кароонуздарга сунушталып жаткан Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин диссертациялык иши менин илимий жетекчилигимдин алдында даярдалды. Изилдөө темасын тандоодон тарта анын түзүмүн бекитүүдө, максатын жана милдеттерин аныктоодо, ошондой эле жактоого чыгарылуучу негизги жоболорду иштеп чыгууда изденүүчү менен бирге тыгыз иш алып бардык. Изилдөө темасына байланыштуу болгон биргелешкен илимий макалабыз жарык көрдү. Андыктан, жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын, практикалык сунуштарын жана жактоого чыгарылуучу жоболорун толугу менен колдойм.

А.А. Алимбековдун диссертациялык изилдөөсүнүн максатына жана милдеттерине жараша негизги жоболор жактоого чыгарылууда. Жактоого чыгарылуучу негизги жоболор илимий негиздүүлүгү менен тастыкталат жана чек ара коопсуздугу жөнүндөгү мыйзамды кабыл алуу зарылдыгы менен белгиленет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Акматалиев Алмаз Алимбековичтин диссертациялык ишин талкууда колдоп жана юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоого сунуштап берүүңүздөрдү өтүнөм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Рахмат Нурлан Турганбекович! Анда расмий сынчыларга сөз берели. Рецензенттер, өз оюңуздарды, сунуштар жана сын-пикирлер болсо, айтышыңыздарды өтүнөм. Сөз рецензент ю.и.д., профессор Базарбаев Эрлан Базарбаевичке берилет.

**Рецензент: ю.и.д., профессор Базарбаев Э.Б.:** Урматтуу коллегалар! Диссертациянын темасы кыйла актуалдуу, талаш жок, иште илимий жана практикалык жактан кызыктырган маселелер каралган. Мен ойлоп турам, бул ишти мындан ары дагы өркүндөтүп, докторлук диссертациялык изилдөө кылууга да жакшы мүмкүнчүлүктөр бар экен.

Рецензенттин милдети изденүүчүгө өзүнүн ишин жакшыртуу үчүн сунуштарды берүү болуп саналат. Ошон үчүн мен дагы Алмаз Акматалиевичке диссертациялык изилдөөсү боюнча сунуштарды бере кетейин. Биринчиден, сунушталып жаткан чек ара боюнча аныктаманы

мындан дагы тактоону карап көрсө болот. Себеби аныктама канчалык так болсо, чек аранын жалпы макамын ачыктоого дагы ошончолук жеңил болот деген ойдомун. Экинчиден, параграфтардын этегинде келтирилген жыйынтыктоолорду да кыска жана так берсе туура болмок. Булар менин жеке пикирим, сындоо эмес жөн гана жакшыртуу боюнча сунуштар. Андыктан, изденүүчү аларды карап көрөт деп ойлойм.

Жалпысынан, айрым орчундуу эмес кемчиликтерине карабастан, бул изилдөө ишти коомдук кароого, андан ары диссертациялык кеңеште кароосуна коргоого сунуштайм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Сөз рецензент ю.и.д., профессор Б.Дж. Рымендеевке берилет.

**Рецензент: ю.и.д., профессор Рысмендеев Б.Дж.:** Диссертация укук таануу илиминде учурдун эң актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине талдоо жүргүзгөн тунгуч аракеттердин бири. Буга чейин, ата-мекендик укук таануу илиминде, конституциялык укукта чек ара коопсуздугунун өзгөчөлүктөрү, илимий-практикалык маанилүүлүгүнө карабастан, ушул кезге чейин, дээрлик илимий изилдөө иштеринин объектиси катары окумуштуу укук таануучулар тарабынан өтө аз изилденген. Диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоо постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө болуп жаткан саясий окуялардын шартында барган сайын актуалдуу болуп бара жаткан ааламдашууну эске алуу менен абдан актуалдуу жана өз убагындагыдай сезилет.

Диссертациялык изилдөөнүн ички биримдиги иштин максатын компетенттүү жана компетенттүү аныктоо жана өз ара байланышта жана органикалык ырааттуулукта чечилүүчү негизги милдеттерди формулировкалоо менен камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасында буга чейин жүргүзүлгөн негизги реформаларга карабастан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу ыңгайлуу болуп саналбайт. Чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы көйгөйлүү маселелер, албетте чек ара мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы башкаруу ыкмаларын түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат.

Азыркы этапта коомду өнүктүрүүнүн маанилүү милдети болуп өлкөнүн жана региондордун социалдык-экономикалык маселелерин натыйжалуу чечүүгө багытталган түп-тамырынан берки мамлекеттик башкаруу,

административдик, экономикалык реформа менен катар чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагында олуттуу реформаларды ырааттуу жүргүзүү саналат.

Адабият булактарын теориялык жактан талдоо жана чек ара коопсуздугун камсыз кылууну түзгөн материалдарды, ченемдик-укуктук актыларды изилдөөдө чек ара коопсуздугу менен байланышкан маселелер жогорку деңгээлде али жеткиликтүү иликтенбегендигин айгинеледи.

Диссертациялык изилдөө ишинин бирден бир өзгөчөлүгү, жогоруда баяндалган маселелердин негизинде азыркы учурда мамлекеттик чек аранын азыркы илиминин алдында турган артыкчылыктуу милдеттери болуп чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы мамилелерди укуктук жөнгө салуунун ролун жана өзгөчөлүктөрүн, абалын илимий-укуктук жактан талдоо жүргүзүү максатында жана Кыргыз Республикасы өзүнүн көз карандысыздыгын алгандан кийин жана алганга чейин деле укук таануу илиминде чек ара коопсуздугунун маанисин, мүнөздөрүн жана юридикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берген илимий иштин жоктугуна байланыштуу, автордун алгачкы саамалыгы.

Изилдөөнүн планы логикалык ырааттуулукта түзүлүү менен коюлган суроолор диссертант тарабынан компетенттүү, илимий жана укуктук – ченемдик негизде чечмеленген.

Белгилеп кетчи нерсе диссертациянын негизги өзгөчөлүгү көз карандысыздыка ээ болгондон бери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны жөнгө салган жогоруда аталган негизги кодификациялык мыйзамдарды салыштыруу менен анын юридикалык өзгөчөлүгүн, айырмачылыгын, маани-маңызын жеткиликтүү изилдеген укук таануу илиминде бирден бир илимий эмгек экендигинде.

Андан сырткары, эмгекте автор бир катар илимий жоболорду, тыянактарды жана сунуштарды коргоого алып чыккан, алар кыйла даражада негиздүү болуп саналат.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын жана корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

Биринчиден, изилдөөлөр юридикалык илимде иштеп чыккан концепциялык жоболорго негизделет, илимий иштеп чыгууларды терең талдоолор менен. Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы юридикалык материалдарды кеңири талдоо, ошондой эле аларга теориялык маани берүү менен камсыз кылынат.

Экинчиден, изилдөөдө ата-мекендик баштапкы булактарды жана илимий макалаларды, практикалык материалдарды, ошондой эле чет мамлекеттердин булактарын пайдалануу менен.

Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларды, статистикалык маалыматтарды жана архивдик материалдарды кеңири колдонуу менен.

Төртүнчүдөн, изилдөөнүн натыйжаларын ар кандай республикалык жана жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда, ошондой эле ЖОЖдордун окуу процессинде сынап көрүү менен.

Бешинчиден, изилдөөнүн жоболорун жана натыйжаларын Кыргыз Республикасы менен чет өлкөлүк мезгилдүү басылмаларында илимий макалалар түрүндө жарыялоо менен.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси – диссертацияда баяндалган теориялык жоболор жана тыянактардын Кыргызстандагы чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы иш-аракеттердин укуктук жөнгө салыныш маселелеринин жана чек ара мыйзамдарын өркүндөтүүгө жана мындан ары укуктук жактан изилденишине мүмкүндүк берип, чек ара мыйзамдарынын натыйжалуулугу жагындагы маселелерди чечүү үчүн пайдаланышы мүмкүн. Андан тышкары автор тарабынан диссертацияда келтирилген сунуш-пикирлер конституциялык укуктагы, чек ара мыйзамдарындагы көйгөйлүү маселелерди андан ары илимий изилдөөлөрдү жана практикалык иштерди жүргүзүүгө, Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоого кошумча адабий булак катары колдонулушу ырас.

Диссертациялык иштин илимий жаңычылдыгы жана мааниси анда автор изилдеген иштин өзү Кыргыз Республикасынын укук таануу илиминде чек ара коопсуздугун теориялык-укуктук жактан изилдеген, чек ара тармагындагы укуктук мамилелерди жөнгө салган негизги чек ара мыйзамдарынын маселелерин илимий жактан терең изилдеп жана талдоого алган тунгуч аракет, алгачкы изилдөө, ошондой эле ата-мекендик укук таануудагы мамлекеттик тилде жазылган илимий эмгектердин бири экендигинде.

Диссертацияда баяндалган тыянактар, сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы улуттук коопсуздук, чек ара мыйзамдарынын ченемдерин талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга, ошондой эле адабий булактардын кеңири чөйрөсүнө, бири биринен ажыратылып массалык түрдө талданган архивдик жана практикалык материалдарга негизделген.

Диссертациялык изилдөө туура ой жүгүртүлүүсү жана ыраатуулугу менен айырмаланат. Изилдөөнүн ички биримдиги иштин негизги максаттарын жалпылай аныктоо жана коюлган максаттарды ыраттуу чечүү.

Диссертация киришүүдөн, өз ара байланыштуу үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган ченемдик-укуктук актылардын жана атайын адабияттардын тизмесинен турат.

Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казахстан Республикасынын конституциялык укугу илиминдеги теориялык жоболор каралган. Андан сырткары, автор изилдөө ишинин теориялык деңгээлине негизделген ченемдик-укуктук актылардын кеңири чөйрөсүн колдонгон. Диссертант тарабынан чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кылдат талдоонун негизинде, чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун укуктук жөнгө салган, колдонуудагы Кыргыз Республикасынын чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча бир катар сунуштар киргизилген.

Диссертациялык ишти бүтүндөй оң баалап жатып, айрым кемчиликтерди жана талаштуу жагдайларды белгилеп кетүү зарыл:

Авторго техникалык мүнөздөгү сунуштар: Диссертациянын актуалдуулугун дагы кеңейтүү жана негиздөө керек. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара маселелери менен алектенген юристтердин жана теоретиктердин санын көбөйтүү жана бул жаатта илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуу-юристтердин теориялык салымын көбөйтүү зарыл.

Диссертациялык изилдөөдө граматикалык каталар бар жана иштин ар бир параграфы боюнча корутундуларды конкреттештирүү менен аларды тактоо зарыл.

Жогоруда айтылгандарды сындарды эске алуу менен, изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөдө аткарган ишинин натыйжалары актуалдуу, жаңыча мамилеге ээ, теориялык жана практикалык мааниге ээ, илимий жактан негизделген жана ишенимдүү деп жыйынтык чыгарууга болот. Диссертация өзүнүн түзүмү жана мазмуну боюнча 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине толук ылайык келет.

Жалпысынан алганда 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуш кылынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасында Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясы талаптарга жооп берет жана коомдук талкуугa сунуш кылынат.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Сөз рецензент ю.и.д., профессор У.О.Аманалиевге берилет.

**Рецензент: ю.и.д., профессор Аманалиев У.О.:** Диссертациялык иштин тандалып алынган темасы бүгүнкү күндө актуалдуу. Себеби чек ара коопсуздугу ата-мекендик саясий-укуктук теория үчүн салыштырмалуу жаңы түшүнүк болуп саналат. Бул багытта топтолгон теориялык жана практикалык материалдардын негизинде илимий жактан изилдеп чыгып, конкреттүү сунуштарды берүү жалпысынан эле мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылууну мындан ары жакшыртууга өбөлгө түзөт. Чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча иштелип чыккан жана негизделген теориялык жоболорду жана практикалык сунуштарды изденүүчүнүн илимге кошкон жаңылыгы деп айтууга болот. Изилдөө иши мамлекеттик тилде жүргүзүлгөндүгү да колдоого алаарлык.

Ошону менен бирге, диссертациянын орфографиялык, стилистикалык, грамматикалык жазылышын кылдаттык менен кайрадан карап чыгууну сунуш кылам. Ар бир глава боюнча корутунду чыгаруу маселесин да эске алуу керек деп эсептейм. Айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен Алимбеков Алмаз Акматалиевчтин юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча коомдук коргоого сунушталышын колдойм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Сөз рецензент ю.и.к. Калыбек кызы Замирага берилет.

**Рецензент: ю.и.к. Калыбек кызы Замира:** Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун элементтерин бул тармактагы системалык сапаттардын доктриналдык жагынан иштелип чыкпагандыгы менен шартталган юридикалык илиминин негизги тармагы катары теориялык жактан түшүнүү зарылдыгы менен да күчөйт. Диссертацияда ар кандай укуктук концепцияларды жана илимде калыптанган көз караштарды илимий жактан изилдөө аркылуу улуттук укуктун системасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун конституциялык-укуктук негиздери каралган. Анын теориялык негиздери жана ээлеген орду өлкөдө улуттук коопсуздукту ийгиликтүү түзүүнүн базалык шарты катары чек ара тармагын реформалоонун зарылдыгын эске алуу менен талдоого алынган.

Диссертациялык иште автор тарабынан юридикалык илимдин өнүгүүсү үчүн бир кыйла мааниге ээ илимий-негиздүү теориялык натыйжалар сунушталган. Диссертант учурдагы жалпы теориялык көз караштарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде юридикалык илимде чек ара жөнүндө теориялык конструкцияны негиздеген.

Автор тарабынан чек ара коопсуздугун жөнгө салган мыйзамдарга "чек ара", "чек ара коопсуздугу", "чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутуму", "чек ара аймагы", "чек аранын макамы" сыяктуу юридикалык терминдердин түшүнүгүн берүү механизми негизделген.

Диссертациялык изилдөөдө автор тарабынан чек ара коопсуздугуна автордук аныктама берилген.

Изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин диссертациялык илимий изилдөөсүнүн ички биримдиги иштин башкы максатын компетенттүү жана сабаттуу аныктоо менен камсыз кылынган. Сунуш кылынган иш теориялык жактан да, практикалык жактан да зор мааниге ээ болуп, мазмунунун алгылыктуу түзүлгөндүгү менен айырмаланат.

Коргоого коюлуп жаткан натыйжалар менен жоболордун жаңычылдык даражасы, эң оболу, иште автор тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун конституциялык-укуктук негиздериндеги негизги маселелерин жана көйгөйлөрүн ар тараптан каралгандыгы менен аныкталат.

Сунуш кылынган ишти толук аяктаган, практикалык мааниси бар, юридикалык илимди андан ары өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү иш катары мүнөздөөгө болот.

Жалпысынан алганда иш кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет.

Изденүүчү коргоого алып чыккан тыянактар жана жоболор юридикалык илимде жогорку илимий-теориялык жана практикалык баалуулукка ээ, анткени аларды жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун концептуалдык маселелерин кыйла терең изилдөөгө жана иликтөөгө көмөк көрсөтөт.

Белгиленген артыкчылыктар менен бирге эле илимий изилдөө ишинде айрым бир кемчиликтер да бар:

1. Диссертациялык иште чет элдик чек ара кызматынын тажрыйбалык иштерине салыштырма-укуктук изилдөө азыраак жүргүзүлгөнү байкалган.

2. Изилдөө ишинде ата-мекендик юридикалык адабияттар жетишээрлик деңгээлде колдонулган эмес.

3. Илимий изилдөө ишинде техникалык жана стилистик мүнөздөгү каталар бар.

Бирок, бул сын-пикирлер накта дискуссиялык мүнөздө жана диссертациялык изилдөөнүн жогорку деңгээлине жана аброюна таасир тийгизбейт, ал эми иштин өзү жогорку илимий мааниге ээ.

Жалпысынан алганда 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуш кылынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасында Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясы талаптарга жооп берет жана коомдук талкууга сунуш кылынат.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Сөз рецензент ю.и.к., доцент И.К. Кубатовго берилет.

**Рецензент: ю.и.к., доцент Кубатов И.К.:** Диссертациянын теориялык мааниси конституциялык укук, жалпы эле юридикалык илимдер үчүн маанилүү болгон жалпы теориялык корутундуларды камтыган өз алдынча системалуу илимий изилдөө экендигинде жатат. Практикалык мааниси «Конституциялык укук», тармактык юридикалык илимдер курстарын окутууда, лекцияларды жана окуу куралдарды даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын практикалык ишмердүүлүгүндө, мыйзамдарды өркүндөтүүдө жана ченем жаратуу ишмердүүлүгүндө эффективдүү колдонууга мүмкүндүк бергендигинде жатат.

Изилдөө ишин жакшыртуу жана байытуу үчүн статистикалык маалыматтар жана сот практикасы менен толуктоо керек деп эсептейм. Ошондой эле, партиялык ишти жакшыртуу боюнча да сунуштарды так көрсөтүүнү белгилегим келип турат.

Жалпы жөнүнөн, Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин илимий изилдөөсү айтылган баардык сунуштар жана пикирлер аткарылса максатына жеткен болот жана 12.00.02 – «конституцияллык укук, муниципалдык укук» адистиги боюнча юридика илимдердин кандидаты окумуштуу даражасын ийгиликтүү коргоого сунуштайм.

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Чыгып сүйлөөгө башка каалоочулар жок болсо, изденүүчү А.А.Алимбековго сөз берилет.

**Изденүүчү Алимбеков А.А.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, урматтуу рецензенттер! Мен сиздерге биринчи кезекте бүгүнкү талкуулоону

уюштуруп бергениңиздер үчүн, диссертациялык изилдөөмдү жакшыртуу үчүн баалуу сын-пикирлер менен сунуштарды бергендигиңиздер үчүн жана ошондой эле мага көрсөткөн колдооңуздар үчүн терең ыраазычылык билдирем.

Талкуу учурунда айтылган бардык сунуштарды жана сын-пикирлерди илимий жетекчим Нурлан Турганбекович менен биргеликте кылдаттык менен карап чыгабыз жана ишти андан ары жакшыртууга боло тургандарын сөзсүз түрдө эске алып, диссертациялык изилдөө ишине камтыйбыз. Барыңыздарга чоң рахмат!

**Төрайым, ю.и.к. Калиева Г.У.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, урматтуу изденүүчү! Диссертацияга карата айтылган сунуштар менен сын-пикирлер сунуштама мүнөзүндө болгондуктан, жалпы оң баа берүү диссертацияга эч кандай таасирин тийгизбей тургандыгын белгилеп кетейин.

Ушуну эске алуу менен, Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча жазылган ишти коомдук коргоого жана андан ары диссертациялык кеңешке кароого жөнөтүүнү сунуштайм.

Эгерде сиздерде каршы пикирлер же башка сунуштар жок болсо, анда добуш берүүгө өтөлү. Урматтуу катышуучулар, добуш берүүңүздөрдү өтүнөм.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
Баардыгы «макул»,
«каршы» жок,
«калыс» жок.

## КОРУТУНДУ:

Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн изденүүчү диссертациялык ишин угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү, саясий изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү жана мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу жана экспертиза бөлүмүнүн

кеңейтилген жыйынынын чечиминин негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарылды:

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоону конституциялык-укуктук жактан изилдөө эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Өлкөдөгү чек ара коопсуздугу канчалык маанилүү экендигине карабастан, бул тармак азыркыга чейин толук кандуу изилдене элек деп айтууга негиздер бар. Чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине арналган атайын диссертациялык изилдөөлөрдүн саны өтө аз. Аталган жагдайлардын бары изденүүчү Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин тандалып алынган темасынын актуалдуулугун тастыктайт.

Диссертациялык иштин «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын жобосундагы адистиктин шифрине жана талаптарына шайкештиги.

Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деп аталган диссертациялык темасы боюнча изилдөө иши 2022-жылдын 18-январындагы №12 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» жобонун II бөлүмүнүн 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмү

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деген темада юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине ылайык келет жана диссертацияны талкуулоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун Мамлекеттик-укуктук изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн корутундусу бекитилсин.

2. Айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин юридикалык илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы 12.00.02 − конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча коомдук коргоого сунушталсын.

3. Алимбеков Алмаз Акматалиевичке 12.00.02 − конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы, ю.и.к.** **Калиева Г.У.**

**Окумуштуу катчы:** **Жусупов Н.**

Подпись Жусупова Н.Н. заверяю.
Отв по кадрам: Мукамбетова Ж. К.

Для справок

Справкалар үчүн